
# Балдар үчүн Библия

тартуулайт



# Асман, Кудайдын ажайып үйү

Эдвард Хьюс тарабынан жазылган

Сүрөттөр Лазарус тарабынан тартылган
Alastair Paterson


Сара С. тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн

Christian Lingua тарабынан которулган


Bible for Children тарабынан түзүлгөн
www.M1914.org

©2020 Bible for Children, Inc.
Лицензия: Сатпасаңыз, бул аңгемени көчүрүп же басып чыгарууга укугуңуз бар.

Ыйса жерде жашап жүргөндө Өзүнүн шакирттерине асман жөнүндө айтып берген. Ал аны: “Менин Атамдын үйү” деп атаган, ал жерде көптөгөн турак жайлар бар эле.  Турак жай деген чоң, кооз үй.  Асман жердеги үйлөрдүн баарынан чоңураак жана бир топ кооз.




Ыйса: “Мен барып, силерге орун даярдап турам.  Эгер Мен барып силерге орун даярдап турсам, анда кайра келип, силерди жаныма алып кетем”, – деген.



Ошол убакыттан бери, машаякчылар Ыйсанын кайра келип, аларды алып кетем деген убадасын эстеп келишкен. Ыйса күтүлбөгөн жерден келип каларын айткан. Ал эми Ал келерден мурун өлгөн машаякчылар эмне болот? Библия алар дароо Ыйсанын жанына барарын айтат. Денеден айрылуу Теңир менен бирге болууну билдирет.



Библиянын акыркы китеби – Аян китеби, асман кандай сонун экендигин айтат. Баарынан дагы сонуну, асман өзгөчө түрдө Кудайдын үйү. Кудай бардык жерде, бирок анын тактысы асманда.




Периштелер жана башка асман жандыктары асманда Кудайды даңкташат.  Көз жумуп, асманга кеткен бардык Кудайдын адамдары да даңкташат. Алар Кудайды даңктаган өзгөчө ырларды ырдашат.



Алар ырдаган ырлардын бири мындай:
“СЕН ...  ТАТЫКТУУСУҢ, АНТКЕНИ СЕН ӨЗ КАНЫҢ МЕНЕН АР БИР УРУУДАН, АР БИР ТИЛДЕН, АР БИР ЭЛДЕН ЖАНА АР БИР УЛУТТАН БИЗДИ КУДАЙГА САТЫП БЕРДИҢ”.
(Аян 5:9)




Библиянын акыркы аяттары асманды “Жаңы Иерусалим” деп сүрөттөйт.  Ал сыртында бийик дубалы бар аябай чоң шаар.  Анын дубалы кристаллдай тунук, яспис ташынан жасалган.






Дубалдын пайдубалы асыл таштар менен кооздолуп, түркүн түстөр менен жаркырашат.  Шаардын ар бир дарбазасы бир бүтүн берметтен жасалган!







Ал бермет дарбазалар эч качан жабылбайт.  Кел кирип, анын ичинде эмне бар экенин карап көрөбүз. Укмуш!  Асмандын ичи, сыртынан да кооз турбайбы. Шаар тунук айнектей болгон таза алтындан жасалган. Көчөлөрү да алтындан жасалган экен.




Кудайдын тактысынан тунук өмүр дарыясы агып турат. Дарыянын эки тарабында тең, Эдем багында өскөн өмүр дарагы өсүп турат. Бул абдан өзгөчө дарак. Ал ар ай сайын он эки түрлүү жемиш берип турат. Өмүр дарагынын жалбырактары элдерди айыктырат.



Асман жарык болушу үчүн күнгө же айга муктаж эмес. Кудайдын даңкы аны өзүнүн ажайып жарыгы менен толтуруп турат.  Ал жерде эч качан түн болбойт.



Асмандагы жаныбарлар дагы башкача. Алардын бардыгы колго көнгөн жана жоош. Карышкырлар менен козулар чөптө чогуу жайылып жүрүшөт. Күчтүү арстандар дагы букалардай болуп саман жеп жатышат. Теңир мындай дейт: “Менин ыйык тоомдун бүт жеринде жамандык кылышпайт, зыян келтиришпейт”.



Ары бери карасак асманда кээ бир нерселер жок экенин байкайбыз.  Ал жерде ачуулуу сөздөр угулбайт. Эч ким урушпайт же акылсыздык кылбайт.




Ал жерде эшиктер кулпу менен бекилбейт, себеби асманда уурулар жок.  Ал жерде жалганчылар, адам өлтүргүчтөр, көз ачыктар же кудайсыздар жок. Асманда күнөөнүн бир дагы түрү жок.





Асманда Кудайдын жанында көз жаш болбойт. Кээде адамдар жашоосунда чоң кайгынын айынан ыйлашат. Асманда Кудай бардык көз жаштарды аарчыйт.

Асманда өлүм дагы жок. Кудайдын адамдары түбөлүккө Теңир менен болот. Мындан ары кайгы, ый, жүрөк оору болбойт. Оору, ажыроо, көргө коюу болбойт. Асманда Кудай менен бардыгы түбөлүккө бактылуу.



Баарынан жакшысы, асман Иса Машаякка өзүнүн Куткаруучусу катары ишенип, Теңири катары баш ийген балдар менен кыздар үчүн. Асманда “Козунун өмүр китеби” деген китеп бар. Анда толтура адамдардын ысымдары бар.


Ал китепте кимдин ысымдары жазылганын билесиңби?

Ыйсага ишенген бардык адамдардын.

Анда сенин атың дагы барбы?



Библиянын акыркы сөздөрү сонун чакыруудан турат. “Рух менен колукту: ‘Кел!’ – дешет.  Муну уккан да: ‘Кел!’ – десин.  Суусаган келсин, каалоочу өмүр суусун бекер эле алсын”.



Асман, Кудайдын ажайып үйү

Кудайдын Сөзү Библиянын аңгемеси

бул китепте

Жакан 14; 2 Коруnттуктарга 5;
Аян 4, 21, 22

“Сенин Сөзүңөн алган ачылыш жарык берет.”
Забур 119:130

# Аягы

Библиянын аңгемелери бизди жараткан жана
сен Аны билишиңди каалаган сонун Кудай жөнүндө айтат.

Кудай биз күнөө деген жаман нерселерди кылганыбызды билет. Күнөө үчүн жаза өлүм, бирок Кудай бизди ушунчалык сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун, Ыйсаны, биздин күнөөлөрүбүздүн жазасы болуш үчүн айкаш жыгачтагы өлүмгө жиберди. Кийин Ыйса тирилип, асмандагы үйүнө кетти! Эгер сен Ыйсага ишенип, Андан күнөөлөрүмдү кечирчи деп сурансаң, Ал кечирет! Ал келип, эми Сенин ичиңде жашайт, сен болсо Аны менен түбөлүк жашайсың.

Эгер бул чындык экенине ишенсең, Кудайга мындай деп айт: “Кымбатту Ыйса, Мен Сенин Кудай экениңе жана менин күнөөлөрүм үчүн өлгөнүңө, азыр болсо тирүү экениңе ишенем. Суранам менин жашоомо келип, менин күнөөлөрүмдү кечирчи, ошондо мен жаңы жашоого ээ болуп, бир күнү Сени менен түбөлүккө болом. Сага баш ийүүгө, Сен үчүн Сенин балаңдай болуп жашаганга жардам берчи. Оомийн”.

Күн сайын Библия окуп, Кудай менен сүйлөш! Жакан 3:16